**БЕКИТИЛДИ**

**Хан-Теңири жергиликтүү кенешинин 2025-жылдын 6-февралындагы №17 токтому менен бекитилген.**

**Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл областынын Ак-Суу районуна караштуу Хан-Теңири айыл аймагынын сыйлыктары жөнүндө ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районуна караштуу Хан-Теңири айыл аймагынын сыйлыктары жөнүндө бул жобо “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставына негизделип, Хан-Теңири айыл аймагынын сыйлыктарынын түрүн, алардын укуктук статусун, ошондой эле сыйлыктарга көрсөтүүнүн жана сыйлоонун тартибин аныктайт.

2. Хан-Тенири айыл аймагынын сыйлыктарын ыйгаруу – Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү Жамаатынын Уставынын беренесине ылайык, жергиликтүү жамааттын Уставынын бардык талаптарын үлгүлүү аткарган, коомдук иштерге активдүү катышкан, Хан-Тенири айыл аймагында жана айыл аймактан тышкаары жакта жашап жана эмгектенген, кадыр-барктуу адамдарды аймактын экономикалык-социалдык, маданий жактан өнүгүшүнө, элдин жашоо-турмушунун жакшырышына, укук, эмгек, аткаруучулук тартиптин чыңдалышына, элдин биримдигин, достугун бекемдөөгө өзгөчө салым кошкон айыл атуулдарынын эмгегин баалоонун, таануунун, дем берүүнүн формасы болуп эсептелинет.

3. Хан-Тенири айыл аймагынын сыйлыктары болуп саналат:
- “Хан-Теңири айыл аймагынын ардактуу атуулу” ;
- “Кадырлуу эмгек каарманы” наамы,
- “Эл сыймыгы” наамы;
- Хан-Тенири айыл аймагынын Ардак грамотасы,
- «Ыраазычылык барагы”
-номинациялар боюнча “Жылдын мыкты мугалими”, “Жылдын мыкты окуучусу”, “Жылдын мыкты ишкери”, “Мыкты медайым”, “мыкты эмгек жамааты”, “ мыкты демөөрчү” “жылдын мыкты жетекчиси” “жылдын мыкты спортсмени”, “жылдын мыкты машыктыруучу”, “Мыкты ишкер”, “Мыкты жетекчи”, “Мыкты мугалим”.

4. “Хан-Теңири айыл аймагынын ардактуу атуулу” ; “Кадырлуу эмгек каарманы” наамы, “Эл сыймыгы” наамы, Хан-Тенири айыл аймагынын Ардак грамотасы, «Ыраазычылык барагы” , номинациялар боюнча сыйлыктардын аталыштары мамлекеттик тилде жазылат.

## 2.Хан-Теңири айыл аймагынын “Хан-Теңири айыл аймагынын ардактуу атуулу” наамы

5. Хан-Теңири айыл аймагынын “Хан-Теңири айыл аймагынын ардактуу атуулу” наамы ырастамасы (удостоверение) менен Хан-Теңири айыл аймагында жана айыл аймактан тышкаары жакта жашап жана эмгектенген, аймактын экономикалык-социалдык, маданий жактан өнүгүшүнө, элдин жашоо-турмушунун жакшырышына, укук, эмгек, аткаруучулук тартиптин чыңдалышына, элдин биримдигин, достугун бекемдөөгө, элдин жашоо турмушун жакшыртууга өзгөчө салым кошкон, элге кызмат көрсөтүүнү жогорку деңгээлде жүргүзүп, элдин талаптарын толук канааттандырган, балдарга билим, тарбия берүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен, элди медициналык жактан тейлөөдө өзгөчө эмгек синирген, коомдук тартипти сактоодо өз үлүшүн кошкон, эл чыгармачылыгына, маданиятка,

адабиятка, искусствого жекече салым киргизген, жогорку көрсөткүчтөр менен бирге Жергиликтүү жамааттардын Уставынын талаптарын үлгүлүү аткарган, коомдук пайдалуу жумуштарга катышкан, кайрымдуулук акцияларына, демөөрчүлүккө такай көмөктөшүп өз үлүшүн кошкон жарандар жана ардактуу эс алууга чыккан ардагерлер, эмгек стажысы жалпысынан 15 жылдан кем болбогон, айыл чарба, билим берүү, мектеп жашына чейинки билим берүү, медицина тармагында, мамлекеттик жана муниципалдык чөйрөдө эмгектенгендер жана меценаттар, демөөрчүлөр сыйланышат.

6. Хан-Теңири айыл аймагынын "Хан-Теңири айыл аймагынын ардактуу атуулу" наамы менен сыйлоого сунуштоо айыл башчыларына, элдик жыйындарга, жамааттарга, эмгек коллективдерине, айылдык кенештин депутаттарына таандык.

**3. Хан-Теңири айыл аймагынын "Кадырлуу эмгек каарманы" наамы**

7.Хан-Теңири айыл аймагынын "Кадырлуу эмгек каарманы" наамы ырастамасы (удостоверение) менен 60 жаштан жогору, Хан-Теңири айыл аймагында жана айыл аймактан тышкаары жакта жашап жана эмгектенген, аймактын экономикалык-социалдык, маданий жактан өнүгүшүнө, элдин жашоо-турмушунун жакшырышына, укук, эмгек, аткаруучулук тартиптин чыңдалышына, элдин биримдигин, достугун бекемдөөгө, элдин жашоо турмушун жакшыртууга өзгөчө салым кошкон, элге кызмат көрсөтүүнү жогорку деңгээлде жүргүзүп, элдин талаптарын толук канааттандырган, балдарга билим, тарбия берүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен, элди медициналык жактан тейлөөдө өзгөчө эмгек синирген, коомдук тартипти сактоодо өз үлүшүн кошкон, эл чыгармачылыгына, маданиятка, адабиятка, искусствого жекече салым киргизген, жогорку көрсөткүчтөр менен бирге Жергиликтүү жамааттардын Уставынын талаптарын үлгүлүү аткарган, коомдук пайдалуу жумуштарга катышкан, кайрымдуулук акцияларына, демөөрчүлүккө такай көмөктөшүп өз үлүшүн кошкон жарандар жана ардактуу эс алууга чыккан ардагерлер сыйланат.
8. Хан-Теңири айыл аймагынын "Кадырлуу эмгек каарманы" наамы менен сыйлоого сунуштоо айыл башчыларына, элдик жыйындарга, жамааттарга, эмгек коллективдерине, айылдык кенештин депутаттарына таандык.

**4. Хан-Теңири айыл аймагынын "Эл сыймыгы" наамы**

9. Хан-Теңири айыл аймагынын "Эл сыймыгы" наамы ырастамасы (удостоверение) менен Хан-Теңири айыл аймагында жана айыл аймактан тышкаары жакта жашап жана эмгектенген, элдин биримдигин, достугун бекемдөөгө, элдин жашоо турмушун жакшыртууга өзгөчө салым кошкон, элге кызмат көрсөтүүнү жогорку деңгээлде жүргүзүп, элдин талаптарын толук канааттандырган, балдарга билим, тарбия берүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен, элди медициналык жактан тейлөөдө өзгөчө эмгек синирген, коомдук тартипти сактоодо өз үлүшүн кошкон, эл чыгармачылыгына, маданиятка, адабиятка, искусствого жекече салым киргизген, жогорку көрсөткүчтөр менен бирге Жергиликтүү жамааттардын Уставынын талаптарын үлгүлүү аткарган, коомдук пайдалуу жумуштарга катышкан, кайрымдуулук акцияларына, демөөрчүлүккө такай көмөктөшүп өз үлүшүн кошкон жарандар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта эмгектенгендер жана меценаттар, демөөрчүлөр сыйланышат.

10. Хан-Теңири айыл аймагынын "Эл сыймыгы" наамы менен сыйлоого сунуштоо айыл башчыларына, элдик жыйындарга, жамааттарга, эмгек коллективдерине, айылдык кенештин депутаттарына таандык.

**5. Хан-Теңири айыл аймагынын Ардак грамотасы**

11. Хан-Теңири айыл аймагынын Ардак грамотасы менен айыл чарба, медицина, билим берүү чөйрөсүндө жалпысынан 10 жылдан кем эмес иш стажына ээ болгон, кесипкөйлүгүн көрсөткөн жана жогорку көрсөткүчтөргө жеткен, мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырууга активдүү катышкан, иши боюнча жаза салынбаган айыл аймактын жарандары жана айыл

аймакта жашабаган, бирок туруктуу негизде аймактын коомдук иштерине активдүү катышкан, демөөрчүлүк көрсөткөн жарандар  сыйланышат.

12. Хан-Теңири айыл аймагынын Ардак грамотасы менен сыйлоого көрсөтүү айыл башчыларына, элдик жыйындарга, жамааттарга, эмгек коллективдерине, айылдык кенештин депутаттарына  укук берилет.  -

**6. Хан-Теңири айыл аймагынын Ыраазычылык барагы**

**13.** Хан-Теңири айыл аймагынын Ыраазычылык барагы менен айыл аймакта жашаган жана аймактан тышкаркы жакта жашагандар сыйланат. Негизинен аймактын коомдук иштерине активдүү катышкан, кайрымдуулук жана  демөөрчүлүк иштерин жасаган, айыл чарба, билим берүү, медицина тармагында эмгектенгендер сыйлана алышат.

14. Хан-Теңири айыл аймагынын Ыраазычылык барагына сунуштоо айыл башчыларына таандык.

**7. Хан-Тенири айыл аймагынын номинациялары**

15. Хан-Теңири айыл аймагынын номинациялары менен айыл аймакта жайгашкан мекеме-уюмдардын эмгек коллективдери, мектепте мыкты окуган окуучулар, спорт жаатында мыкты жетишкендиктерге  ээ болгон спортсмендер, өз коллективинде мыкты жетишкендиктерге ээ болгон, проектилер менен иштеген, эмгек жамаатын дайыма алдыга сүрөгөн жетекчилер,  аймактын коомдук иштерине активдүү катышкан, демөөрчүлүк көрсөткөн жарандар  сыйланышат.

16. Хан-Теңири айыл аймагынын номинацияларына  көрсөтүү айыл башчыларына, элдик жыйындарга, жамааттарга, эмгек коллективдерине, айылдык кенештин депутаттарына  укук берилет.

**8. Хан-Теңири айыл аймагынын сыйлыктары менен сыйлоо боюнча комиссиясы**

17.  Хан-Теңири айыл аймагынын сыйлыктарына келип түшкөн материалдарды ар тараптан жана объективдүү кароо максатында айыл өкмөтүндө сыйлыктар менен сыйлоо боюнча комиссия (мындан ары - Комиссия) түзүлөт. Айыл өкмөтүнүн башчысы Комиссиянын мүчөлөрүн алмаштырууга укуктуу. Комиссиянын төрагасы жана мүчөлөрү айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен,  айылдык кенештин депутаттарынан түзүлөт.  Комиссиянын катчылыгына айылдык кенештин жооптуу катчысы бекитилет. Комиссиянын курамына коомдук башталышта  иш алып барган башка органдардын  жана уюмдардын кызматкерлери кошулушу мүмкүн.

18. Комиссия өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, жергиликтүү жамааттардын Уставын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

19. Комиссия төмөнкү функцияларды жүзөгө ашырат: -түшкөн сунуштарды карайт жана баалоо жүргүзөт жана айыл өкмөтүнүн башчысына  сунуш киргизет; - сыйлоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө корутунду берет.

20. Комиссия:

- кошумча материалдарды жана документтерди суратып алууга жана таанышууга;

- Бир мекемеден көп сандагы сыйлоо материалдар келип түшкөн учурда квота коюу же болбосо кийинки комиссиянын кароосуна калтырууга укуктуу.

21. Отурумду Комиссиянын төрагасы, ал жок мезгилде Комиссиянын төрагасынын тапшырмасы менен Комиссиянын мүчөлөрүнүн бири алып барат.

22. Комиссиянын отуруму, анын үчтөн эки мүчөсү катышса, ыйгарым укуктуу деп эсептелет.

23. Комиссиянын чечими протокол менен таризделет, ага Комиссиянын төрагасынын жана комиссиянын ар бир мүчөсүнүн колдору коюлат.

24. Комиссиянын отурумуна материалдарды Комиссиянын катчысы даярдайт.

**9. Хан-Теңири айыл аймагынын сыйлыктары менен сыйлоого сунуштоо тартиби**

25. Сыйланган адамга «Хан-Теңири айыл аймагынын Ардактуу атуулу» наамынын төш белгиси (кызыл түстөгү кутучасы менен), кызыл түстөгү эстелик лентасы жана күбөлүгү тапшырылат.

26.Сыйланган адамга «Хан-Теңири айыл аймагынын Эмгек каарманы» наамынын төш белгиси, көк түстөгү кутучасы жана күбөлүгү тапшырылат.

27.Сыйланган адамга «Эл сыймыгы» наамынын төш белгиси (кутучасы менен) жана күбөлүгү тапшырылат.

28. Номинациялар боюнча атайын даярдалган статуэтка жана күбөлүк тапшырылат.

29.«Ардактуу атуулу», «Эмгек каарманы» жана «Эл сыймыгы» наамына сунуш бир гана жолу көрсөтүлөт, ошондой эле наам бир гана жолу ыйгарылат.

30. Сунуштамага милдеттүү түрдө паспорттун көчүрмөсү жана жыйындын протоколу тиркелиши керек.

31. Хан-Теңири айыл аймагынын сыйлыктарына сунуштар белгиленген сыйлоо күнүнө чейин 30 күнгө чейин кечиктирилбестен киргизилүүгө тийиш.

32. Көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечигип келип түшкөн сыйлоо материалдар комиссия тарабынан кабыл алынбайт жана келип түшкөн дарекке кайтарылат.

33. “Хан-Теңири айыл аймагынын ардактуу атуулу”, “Кадырлуу эмгек каарманы”, “Эл сыймыгы” наамдары менен даталуу күндөрдө жыл сайын Нооруз майрамына, Эгемендүүлүк күнүнө жана жылдын жыйынтыгы менен айыл чарба күнүнө карата берилет.

34. Хан-Теңири айыл аймагынын Ардак грамотасы жана ыраазычылык барагы менен төмөндөгү даталуу күндөрдө сыйланат:

34.1. 23-февраль Мекенди коргоо күнүнө, 8-март Аялдардын Эл аралык майрамына, Нооруз майрамына, “Акыркы коңгуроо” күнүнө, медиктердин күнүнө, Эгемендүүлүк күнүнө, Мугалимдер күнүнө, айыл чарба күнүнө карата, жыл жыйынтыгы менен.

35.Номинациялар боюнча сыйлыктар жыл жыйынтыгы менен берилет.

36. Комиссия айыл өкмөтүнүн башчысынын тапшырмасынын негизинде башка учурларда жана даталуу күндөрдө дагы сыйлоого сунуштоого чечим кабыл алышы мүмкүн.

37. Комиссиянын сыйлоо же сыйлоодон баш тартуу жөнүндөгү чечими боюнча даттануулар, арыздар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каралат.

38.Тартиптик жаза колдонулган кызматкерлерди сыйлоого көрсөтүүгө бул жазалар белгиленген тартипте алынып салынганга же жоюлганга чейин жол берилбейт жана аны көзөмөл кылууга сунуштаган тарап милдеттүү.

39. Комиссиянын катчысы келип түшкөн бардык сыйлоо материалдарды комиссиянын кароосуна алып чыгууга, комиссиянын чечими боюнча протокол даярдап, бардык комиссия мүчөлөрүн кол койдурууга, “Хан-Теңири айыл аймагынын ардактуу атуулу”, “Кадырлуу эмгек каарманы”, “Эл сыймыгы” наамдарынын төш белгилерин даярдап чыгарууга, Ардак грамотаны жана Ыраазычылык барагын басмаканага даярдатууга, номинациялар боюнча статуэткаларды жасатууга, сыйлыктарды таратууга милдеттүү.

40.Хан-Теңири айыл аймагынын сыйлыктарынын материалдары айыл өкмөтүнүн архивинде бир жыл сакталат жана мөөнөтү бүткөн учурда акт түзүлүп, жокко чыгарылат.